**Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык кеңешинин**
**кезектеги жыйынынын № 6 протоколу**

**2025-ж. 26.02.** **Ош шаары**

Төраганын орун басары – М.М. Былыкова
Катчысы – М. Нурмаматова
Катышкандар - ОСМКБнын адистери жана ОМК мүчөлөрү (катышуу барагы тиркелет)

**Күн тартиби:**

1. “ОшМуда студенттердин билимин баалоонун модулдук-баллдык рейтингдик системасы жөнүндө” жобонун ишке ашырылышы (М.Б. Розыкова - 10 мүнөт)

2. ОшМУнун ОСМК бөлүмүнүн видео көзөмөлдөгү сабактарга анализи тууралуу маалымат (Г.Т. Жээнбекова - 10 мүнөт)

3. “Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө” жобону талкуулоо (М.М. Былыкова – 10 мүнөт)

Ар түрдүү маселелер

1. **Угулду: М.М. Былыкова -** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер? Бүгүнкү жыйындын күн тартибиндеги маселелер менен баарыңыздар таанышсыздар. Анда азыркы учурда актуалдуу болуп турган “ОшМуда студенттердин билимин баалоонун модулдук-баллдык рейтингдик системасы жөнүндө” жобонун ишке ашырылышы аттуу маселеге көңүлүңүздөрдү бурабыз. Бул маселе боюнча биздин бөлүм жумушчу топ менен биргеликте ушул жобого өзгөртүү киргизип бекитүү жөнүндө бир нече айдан бери иштеди. 2025-жылдын 7-февралындагы токтому менен бекитилип, 2025-жылдын 11-февралында № 666 ФХД/25 буйругу чыккан. Бул жобонун ишке ашырылышы Т. М. Папиевага жүктөлгөн. Ал эми MyEDU системасындагы электрондук журналга жана ведомостторго тиешелүү өзгөртүүлөрдү кийирүү А. З. Абдирасуловго милдеттендирилген. Ушул буйруктун 5-пунктунда: “Окутуучулар 2024-2025-окуу жылынын жазгы семестринен баштап окуткан дисциплиналары боюнча окуу-усулдук комплекси жобого ылайык түзүлсүн. Көзөмөлдөө факультеттердин декандарына, жогорку мектеп, институт жана колледждердин директорлоруна, кафедра башчыларына, ПЦК төрага/төрайымдарына, жана **усулдук кеңешинин төрага/төрайымдарына милдеттендирилсин.** Көзөмөлдөө окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы М. М. Былыковага жүктөлсүн” деп жазылган. Ошондуктан ушул маселеге олуттуу карап, талкууга жакшы катышып, өзүңүздөр өздөштүрүп алыңыздар. Түзүмдөргө барып түшүндүрүү иштерин жүргүзүңүздөр. Анда баяндамачыга сөз берели.

   **Баяндамачы - М.Б. Розыкова:** Саламатсыздарбы, урматтуу агай-эжекелер? Бул жобого толугу менен токтолуп отурбай, киргизилген олуттуу өзгөрүүлөр тууралуу баяндап берейин. (Слайд тиркелет)

   1. **Сөзгө чыкты**: А. Маматова - Бул жобонун курамында мен да иштедим эле. Бирок лекцияларда балл берилбей тургандыгы тууралуу айтылды эле го. Жумушчу топ менен биргеликте каралган соң, ошол бойдон калганы туура болмок.

1. **Сөзгө чыкты**: А. Турсунбаева – Бир лекцияда баалана тургандыгы жумушчу топтун башынан эле талаш-тартыш жүрүп аткан. Лекцияда теориялык бөлүмү каралат, ар бир

студентти ар бир сабакта баалабайт, бир бөлүм аяктагандан кийин гугл формада же ж.б. формада тест түрүндө сурап алса болот. Ошону студенттер алдын ала билет да, дайыма даяр болушат. Ал эми конспект жазганы да эмгек болуп саналат. Бирок катышканы, жазганы, түшүнгөнү маанилүү болот эмеспи. Бул жободо да лекция убагында баалансын деген системада жок, ал эми сабак аяктагандан кийин, лектор "ручной" кол менен өзү киргизет, же семинар, практикадан берген окутуучуга баллды кошуп коюусу үчүн берет.

1. **Сөзгө чыкты**: Э. Мамазияева – биздин институтта атайын ушул маселе каралып, 25 балды кантип бөлүштүрүү тууралуу айтылды. Бизде 5+10+10=25 деп бекитилди.

**1. Сөзгө чыкты:** Ж. Раимбердиева – Ушул жобону биз да жамаат менен бирге талкуулап атканда, 1 кредитке 100 балл берилиш керектиги көпчүлүктү ойго салды. 5 кредит болсо, 500 суроо болуп калат го. Көп эмеспи?

**М.М. Былыкова –** Бул маселе абдан талкууланып, иштелип, И.Атабаев агайдын иш-аракети менен бир нече жолу каралып, жумушчу топ тараптан да ийленип иштелди десек болот. Бул жобо түп-тамырынан дебейм, бирок кыйла жөнөкөйлөштүрүлүп, бир топ конкреттештирилди. Ал эми тест-суроолордун саны боюнча айта турган болсок, окутулган кредиттин санына карап тест түзүп бере турган болсо, студенттин саны көп болсо, компьютерде кайра-кайра бир суроо келе бериши толук ыктымал. Ошол кайталанбай, өтүлгөн материалды толук берүү зарылдыгынан келип чыкты.

Башка суроо-сунуш жок болсо, 1-маселени жыйынтыктайлы. "ОшМуда студенттердин билимин баалоонун модулдук-баллдык рейтингдик системасы жөнүндө" жобонун ишке ашырылышы тууралуу М.Б. Розыкованын билдирүүсү эске алынсын. Муну ПО курамга жеткирип, түшүндүү иштерин жүргүзүү ОМК төрага/төрайымдарга милдеттендирилсин. Колго салам. Каршы, калыс жок. Баары – макул. Рахмат.

**2.Угулду: М.М. Былыкова – "**ОшМУнун ОСМК бөлүмүнүн видео көзөмөлдөгү сабактарга анализи тууралуу маалымат" маселени кароонун алдында бир аз түшүндүрмө берип кетейин. Бул иш Замирбек Сабиржанович проректор кезинде колго алынып жүргүзүлө баштаган. Убагында түзүмдөргө диск жөнөтүп, ал боюнча качедра башчылары иш алып барышкан. ОСМКБга видеокөзөмөл боюнча иш алып барган штаттык бирдиги менен бирге өтүп, азыр толугу менен биз көзөмөлдөп атабыз. Баяндамачыга сөз берели.

**Баяндамачы: Г.Т. Жээнбекова -** ОшМУнун объектилерин видеокөзөмөлдөө боюнча иштерди жалпы координациялоо жана башкарууну операторлордун жана техникалык кызматкерлердин штаттык бирдиги менен «Борборлоштурулган видеокөзөмөл посту» ишке ашырат. Видеокөзөмөлдү уюштуруунун максаты - окуу процессин оптималдаштыруу, сабактарды уюштуруунун сапатын жогорулатуу жана студенттердин сабакка катышуусун көзөмөлдөө, укук бузууларды аныктоо жана каттоо. Октябрь айынан бери 54 видео сабакка байкоо жүргүзүлдү. Ар бир окутуучуну кызматтык кат аркылуу чакырып, аларга суроо-сунуштар берилип, методикалык жардам көрсөтүлдү. Эгер тартип бузуу катталса, ага түшүнүк каттарды жаздырдык. (Слайд тиркелет)

**2.Сөзгө чыкты:** А.Маматова – Видео көзөмөл боюнча сабактарды текшерип алуу тууралуу аккредиттациянын талаптарында бар. Сабактын баарын кантип текшерип аласыздар? Ар бир сабакка кирип чыкпайсыздар да? – деген суроолорду беришип, сапатты кантип камсыздайсыздар деп талап кылышкан. Менимче, бул жакшы туура жолдо баратканыбыздын жышааны. Бирок бул сабактарга кантип анализ бересиздер?

**Г.Т. Жээнбекова** – Видео көзөмөл боюнча оператор биздин бөлүмгө сабактарды кыркып даярдап берет. Ошол сабактарды компьютерден көрүп, ага анализ жасап, ошол окутуучуну

кызматтык кат аркылуу бөлүмгө чакыртабыз. Алар келатканда ОМКсын, сабактарынын иштелмесин ала келүүсү эскертилет. Бөлүмгө келген ар бир окутуучуга атайын убакыт бөлүп, методикалык жардам көрсөтөбүз. Алар өз убагында фото отчеттор менен бөлүмдүн сайтына жайгаштырылат. Ошол кезде видеодогу сабактын оң-терс тараптарын айтып, анализ берүү менен бирге, ошол дисциплина боюнча силлабусунун түзүлүшүнө, СРСПнын уюштурулушуна, иштелменин жазылышына да сын-пикир, методикалык сунуштар айтылат. Эгерде эмгек тартибин бузуулар болсо, өз колу менен түшүнүк кат жазып беришет.

2. **Сөзгө чыкты**: Т. Киргизбаева – Эжеке, ушул презентацияда купуялуулук сакталат деп белгилеп кеттиңиздер. Бирок бизде андай болгон жок го. Аты-жөнү менен эле кызматтык кат барып атпайбы?

**М.М. Былыкова** – Биз тараптан барган кызматтык катты жетекчи астейдил мамиле жасап, окутуучулардын ар бирине жеке чакырып айтып, жибериш керек болчу. Антпестен жалпы ватсап группага таштап койгон үчүн, элдин баарына билинип, алар кыжаалат болушуп, давление болуп (эмне болуп кеткенин түшүнүшпөй, кан басымы көтөрүлүп), мага түз эле чалуулар болуп атат. Бул - биринчиден. Экинчиден, видео жөнөтүлбөйт. Аны бөлүмдүн кайсы адисине туш келсе, ошол адис гана карап анализдейт жана өзүңөргө көрсөтөт.

2 **Н. Шамшиева** – Медколледжде кайсы каанада видеокамера коюлганын билсек болобу?

**Г.Т. Жээнбекова** – медколледжде 11 сабак түшкөн. Бирок анын төртөө гана тартылган. Ал эми калган 7 камерага караңгылатып бир нерсе менен жаап койгон. Алардын баарын ачып, тосулган нерселерди алып салыш керек. Сиздер ушуну колго алып, видеокамераларды иштетүүнү жолго коюп бериңиздер.

**М.М. Былыкова** - Бул маселе боюнча айтып атканда, бир нерсени эсиңиздерден чыгарбаңыздар – окутуучу ар дайым өзүнүн үстүнөн иштеп, камера барбы, жокпу аны кызыктырбаш керек. Ал сапаттуу сабак өтүш керек. Ар бир сабак максатына жетиши зарыл. Биз эмнеге аракет кылып атабыз? Ошол окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн ар тараптан иш алып барып атабыз. Видеого түшкөн жакшы сабактар да бар, бирок алар, тилекке каршы, өтө аз. 54 сабак анализденген болсо, анын үчөө гана бир аз жакшы. Жакшы деп аягына чейин карап отурса, 10 минута эрте чыгарып жиберишиптир. Ошентип, мыкты деп баалап, бычакка сап кыла турган сабагыбыз жок болуп чыкты. Урматуу кесиптештер, бул маселе боюнча барып, өзүңүздөрдүн түзүмдүн ПО курамына жайылтып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүңүздөр. Силерге эскертилди деп эсептеңиздер.

Эмесе, бул маселе боюнча да Г.Т. Жээнбекованын билдирүүсү эске алынсын. Университет боюнча видеокамералар иштеп, сабактар тартылуусуна ОМК төрага-төрайымдары көмөктөшсүн деп жыйынтык чыгаралы. Колго салам. Каршы, калыс жок. Баары – макул. Рахмат.

**3.Баяндамачы - М.М. Былыкова:** "Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө" жобону талкуулоо маселесине токтолсок, былтыркы жылкы жобого бир топ эле өзгөртүүлөр киргизилди, такталды. Айрыкча баалоо критерийлери дээрлик кайрадан түзүлдү. Көңүлүздөрдү слайдга бурабыз. (Слайд тиркелет). Эскерте кетчү нерсе, былтыркы окуу жылында 200-300 упай деп чек коюлган болсо, эми баллга чек коюлбайт. Хитпарад болгондон кийин ушундай болгону дурус деп чечилди. Ал эми мурда илим бөлүмү өзүнчө рейтинг өткөрө турган болсо, азыр бирге карала турган болду. Ошондой эле рейтинг жүргүзүү жыл бою ачык болот, жабылбайт. Илимий ишмердүүлүгү боюнча календарлык жылга эсептелсе, окуу-

педагогикалык ишмердүүлүктө окуу жылына карата жүргүзүлөт. Кудайберди Гапаралиевичтин сунушу боюнча, антирейтингдин суроолорун иштеп чыктык. Ал азыр айрым факультеттерге апробацияланып атат. Антирейтингдин суроолоруна студенттердин берген баллы кошулат, же кемитилет.

**3.Сөзгө чыкты – А. Маматова:** Ушул жерде антирейтингге катышкан студенттердин саны да эске алынып, проценттик катыш каралыш керек деп ойлойм.

**3. Сөзгө чыкты - М.Б. Розыкова:** Ооба, мисалы, мага 100 студент катышса, бирөөгө 4 гана студент катышып калышы мүмкүн. Ошол каралып атат.

**М.М. Былыкова** – бул боюнча программисттер жана окуу бөлүмү менен да кеңешип, иш алып барып атабыз. Апробацияга да ошол максатта берилип атат. Дагы такталат.

Ар түрдүү маселелердин биринчиси – сиздерге тааныштырып кетейин, ОшМУнун илим бөлүмүнүн олимпиаданы уюштуруп өткөрүү боюнча жооптуусу Абдусатар кызы Ширинай бизге штаттык бирдиги менен өттү. Мындан ары сиздер аймактык олимпиаданы уюштуруп өткөрүү боюнча да иш алып барасыздар, же түзүмдөгү олимпиада боюнча жооптууларга жеткирип коюңуздар. Эмесе, олимпиаданы уюштуруп өткөрүү боюнча ОСМКБнын инспектору Ширинайга сөз берели.

**Баяндамачы - Абдусатар кызы Ширин:** Саламатсыздарбы, урматтуу агай-эжекелер? Мен сиздерди Аймактык предметтик олимпиаданы өткөрүү жөнүндө жобо менен тааныштырып кетейин. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында жайгашкан жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн жыл сайын өтүүчү аймактык олимпиаданы өткөрүүнү жөнгө салат; Студенттердин аймактык олимпиадасы мамлекеттик билим берүү стандарттарында каралган дисциплиналар боюнча өткөрүлөт. Студенттердин аймактык олимпиадасы (мындан ары - САО) - бул Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы жогорку окуу жайларынын студенттеринин окуган дисциплиналары боюнча билимдерин жана көндүмдөрүн чыгармачылык менен колдонуу, ошондой эле болочок адистердин кесиптик даярдыгы боюнча сынак. (Слайд тиркелет).

**М.М. Былыкова** – Эмесе, аймактык олимпиада боюнча жумушчу тартипте иш алып барабыз. Сиздер менен ватсап группада дагы сүйлөшөбүз. Ар бир түзүмдөн жооптууларды дайындап иш алып баруу Ширин Абдусатар кызына жүктөлсүн.

Ар түрдүү маселелерде карала турган дагы бир иш – ОшМУнун ПО курамынын окуу жана окуу-усулдук басылмаларды Окумуштуулар кеңешине сунуштоо боюнча редколлегияда каралган эмгектер тууралуу сөздү М.Б. Розыковага берели.

**Баяндамачы - М.Б. Розыкова**: Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар? Февраль айында редколлегияда 10 иш каралып, анын алтоо өтүп, төртөө оңдоп-түзөөгө кайтарылды. Сиздердин назарыңыздарга ар бир ишти коем. Араңыздарда редколлегиянын мүчөлөрү бар, алар да карап беришти. (Таблица тиркелет) (Редколлегиядан өткөн алты эмгекти ОМК мүчөлөрү бир добуштан колдоп беришти)

**М.М. Былыкова** - Ар түрдүү маселелердин сиздерге эскерте кетчү иштердин бири конкурстардын жүрүшү тууралуу болмокчу. Бардык түзүмдөрдө конкурстун 1-2-турлары өткөрүлүп аткан учуру. Сайттардан, жаңылыктардан көрүп, өзүбүз да барып күбө болуп атабыз. Бирок конкурсту уюштуруп, жүргүзүүнүн шарты жободо конкреттүү көрсөтүлүп турса да, бир нече мүчүлүштүктөргө жол берилип жатат. Сөз филология жана маданияттар аралык коммуникация институтунун чет тилдер бөлүмүндө болуп аткан талаш маселе тууралуу болуп жатат. Комиссия туура эмес куралган жана балл коюла электе чечим

чыгарылгандыгына күбө болдук. Түзүмдүк деңгээлде чечилбегендиктен, биз башка түзүмдөрдөн тажрыйбалуу жана мурда-кийин конкурстарга катышып байгелүү орундарга ээ болгон чет тилчи окутуучулардан комиссия курап, сиздердин добушуңуздарга коёбуз.

1. Комиссиянын төрайымы – ФМАК институтунун орус филологиясы бөлүмү
   Мүчөлөрү:
2. Жунусова Батма – ЭАББП колледжи
3. Абдырасулова Жайнагүл – Эл аралык медицина факультети, конкурстун жеңүүчүсү
4. Мамаибрайим кызы Ыкыбал – Чыгыш таануу институту, конкурстун жеңүүчүсү
5. Розыкова Мавлюда – ОСМКБнын башкы адиси

Жогорку окутуучулардын баары тажрыйбалуу жана конкурстардын жеңүүчүлөрү болуп эсептелишет. Баары менен макулдашылды. Эми сиздердин добушуңуздарга коём. Каршы, калыс жок. Баары – макул. Рахмат.

**Токтом кылынды:**

1. “ОшМуда студенттердин билимин баалоонун модулдук-баллдык рейтингдик системасы жөнүндө” жобонун ишке ашырылышы тууралуу М.Б. Розыкованын билдирүүсү эске алынсын. ПО курамга жеткирип, түшүндүү иштерин жүргүзүү ОМК төрага/төрайымдарга милдеттендирилсин.
2. ОшМУнун ОСМК бөлүмүнүн видео көзөмөлдөгү сабактарга анализи тууралуу Г.Т. Жээнбекованын маалыматы эске алынсын.
3. “Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө” жобо тууралуу М.М. Былыкованын билдирүүсү эске алынсын.
4. Окуу-усулдук адабияттарды басмага сунуштоо боюнча М.Б. Розыкованын билдирүүсү эске алынсын.

Төраганын орун басары: М. Былыкова

Катчы: М. Нурмаматова